# НУРМАТ САДЫРОВ – АЙЫЛЫМ

с. Жылдызбек ТУРСУНБАЕВ
о. Эдиль Маматов

Тоолордо ак мөңгүсү жаркыраган,
Таш-ташка суусу тийип шаркыраган.
Абасы атыр чачып гүл жыттанып,
Ажайып жанга кубат тартуулаган.

**КАЙЫРМА:**
***Айылым ай – жарыгым ай,***
***Ар дайым сенде менин дайыным ай.***
***Айылым ай – байырым ай,***
***Алыстан эстеп сени сагындым ай...***

Чаң жутуп, көпөлөк кууп кырдан-кырга,
Суу болгон оюн ойноп ак жамгырда.
Балалык ойго түшсө кусаланып,
Апамдын нанынэңсейм ак тандырда.

**КАЙЫРМА:**
***Айылым ай – жарыгым ай,***
***Ар дайым сенде менин дайыным ай.***
***Айылым ай – байырым ай,***
***Алыстан эстеп сени сагындым ай...***